Колониалдык доордун убагындагы кыргыздардын агартуу иштерин айтпастан мурун, андан аркы доордон бир аз айтып өтүүнү макул таптык. Кыргыздар россия падышалыгына карабастан илгери агартуу иштери бүтүндөй жок деп айтууга болбойт, чертүү, ырдоолор гана болгон.

XIX – кылымдын 60 – жылдарында кыргыздарда бир кишиде кат окуп, кат жаза албаганы анык. Ал убактарда жалаң окуган кишилери эле молдо деген. XVII – XVIII – XIX – кылымдарда кыргыздар, кыздай жоокерчилик, уруштун ичинде [illegible], эң караңгылыкта калып эзилип турган доору болгон. Бул доорлордо, кыргыздар, чыгыш жактан калмактардын, түндүк жагынан казак төрөлөрү болгон Абылай хандардын, түштүк жагынан уйгурлардын, батыш жагынан Кокон хандыгын катуу кысымчылыктарын көргөн. Мындай абалда жашаган улут албетте жоголууга гана бет алгандыгы көрүнөт. Бул убактарда кыргыздардын сандарыда абдан азайган, кыргыз деген наамы өчүүгө жакын болгон. XIX – кылымдын ортолугунда кыргыздардын өз араларында жасаган бузуку жоолашуу, бир уруу, экинчи урууну чаап алып жаткан. Бул учурда сарыбагыш уруусунан болгон ормон хандын бугу уруусу [illegible]

[illegible] ол түрүп, бугу жер үстүнө туруудан четтетип, үзгөндө, акыры, Боромбай, Зарылек-

тер кеңешип, баш калкалар бай издеп, Тилек-
маттын Жокон жанына элчи калып жиберип:
Кокон
«Биз бугу деген эл Канга баш ийип карайбыз,
бизди лешкер берип, сарыбагыштардын
чабуулунан арачалап куткарсын» деп.
Жокон ханы, Тилекматка сарыкерделерин
баш кылып, лешкерлери менен Тилекмат-
ка кошуп айдатат. Бугу уруусу, Жокон хан-
дыгынан келген лешкерлери бир каш кышы
тургандан кийин, дагы кеңешип «Бул Кокон
бизге бай боло алууга жарай албайт
экенго, ой жакта орус деген орчун, паша-
луу журт бар экен, биз ошого карап, анын
этегине баш калкалабасак болбойт
экен» - деп, Жачыбекти орус акимдерине
Сибирге Тобылскиге жиберип, россия
падышалыгына баш ийет. бер-
орус падышалыгынан барайка-

аскерлери жана акимдери Ысык-Көлгө
1855-жылы келип түшүп, зарапекти
чоң кылып, зарыгяк аскер менен аттана-
нып Ысык-Көлдөн сарасагыштарды Ку-
балап чыгат. мындан кийин кыргыздар
бир баштан орус падышалыгына баш
ийе берет. мына ушундан баштап кыр-
гыздардын турмушу жана маданиятына
өзгөрүүлөр кире баштайт.
Кыргыздар россия падышалыгына карагандан
кийин соодагерлер эркин жүрүүгө жол ачык
болот. Кыргыз арасына, Кашкар, Турпан,
Кара-шаар, Кулжа, Анжиян, Ташкент,
сибирден соодагерлер көп келип орношо берген.
Кыргыз айылдарында 5–10 дон балдарды боз
үйлөргө отургузуп окуткан, уйгур, өзбек, та-
тар молдолору кире баштайт.
Андай молдолор, белгилүү бай, манаптар-
дын айылдарында гана болуп, алардын

балдары ~~ ~~ дин китептерин эле окуган, кат жазуу бирде болунбастан китепти карап жаттап окуу-ган. Адат молдолордон окуган балдар катты өздө-рү гана жазып үйрөнгөн. Кыргыздарда шаардын молдолорундай болуп диндин окуу жолунда то-лук билип, арапча, парсыча катасыз билген бир-де молдо болгон эмес. Ал кат жазган кишилер, эл-дин каттоо жазуу иштерин айкарып жүрүшкөн, 1% процентке де жетпеген.

Кыргыздар россия падышалыгына карап басып-кандан кийин азырка Фрунзе, Токмок, Пржевальс-кий шаарлары жаңадан курулуп жатуу менен ка-тар школдорду ачыла баштап, кыргыз балдары окууга буйрук болот, мында кыргыздар эң катуу коркуп, солдат болот экен, бул окууга алын-ган балдар, деп, бечара кедейлердин балдарын бер-

шет, маага сатып. Анын чоң атасы Турдубек деген Ат-Башыдагы черик уруусунан болуп, сары-багыштарга чаптырып, Ысык-Көлгө тентип барат, атасы Абдракман төрт жашында экен. Турдубек Ысык-Көлгө барып турганда баласы Абдракман 11-12 жаштарга барганда жаңагы школго бала алуу маселеси боло баштайт. Старчына Аттыпай деген адам Абдракман баланы бермекчи болгондо, энеси Билде баласын колунан жетелеп Чоңбайга барганда бердирбей болуптур. Ошо катынча Абдракман окуун-дой окубай калат. Абдракман 1942-жылы 81 жашында жеке- жакин өзүндө дүнүйөдөн кайтты. Ар башыштан бирден бала окууга берилет. Ошондо окуган балдардын бир нечелерин мында көрүш, кызматтарда жүрүшүп, алар: Жаманакы

ошол окууга балдар сурал-
ганда Арстанбек мындай
айткан экен:
„Солдатчылыкка бала алды,
ошол алган балдарды,
Болуштун өзүнөн алсачы чала
алды"

Балотов уезд начальникке проводчик болуп жүрүп.
Фамилиясын билбейтем, Корголдой деген токой
бөлүмүндө иштеп жүрүү. Жоошбай, Ырыскелди,
Кылжыр Дженаспанов насир болуп жүрүү. Ченжан
Санбаевда чоң кызматтарда болсоок экен
окууну бүтүрүү менен өлүп калат.
Бул окууга бай, манаптардын балдарынан бирөөда
окубаган экен.
Пишпек уездүнө караштуу Кыргыздардан Бир
Соорошбаев, Маасбеттаалы Сыраатаалыев деген
Тынай уругунун чоң манаптарында жанагы
убактарда орусча окушкан, булар эң кадырдандар-
дан болуп, бүтүн кыргыз уруулары падышалык
өкмөт убагында булардан ишкиттер эле.
Майлы деген иттлемеЧда ошондо окуптур.
Орусча тил билиш, кат жазгандардын кадыры
басыкага болуп, чексиз байыган. Орусча окуу-
нун кадырына кыргыздар абдан көздөрү жетседа
дыйкандар балдарын окуттууга дармандары
келе алышпаган. Шаарлардагы школдорго

баланы бокуш башына эң аз кабыл кылган. Поселкадагы орустарга малай болуп жүрүп тил билген кыргыздарда өз баштары жаз-ышы түрешип өткөргөн. #

Осуу-Ата
Пишпек, Чүйгө караган Солто, Тынай уруу-ларындагы манаптар балдарына гимназияны бүтүрүшкөн экен. Кыргыз автономиялуу область ачылган убагындагы 30 тилмечтер дегендер ошол убакта окугандар болучу, мисалы: Солтоно кыргыздар XIX- кылымдан 70-80 жылдарында башталган жаа менен гана санаалуу кишилер кат жаза билген, бир болуш элден шар жазуу жазгандар 2-3 дөн эч ашпаган. 80-жылдын ичинде кыргызстандагы шаарларда мечит, мектептер салынып, андагы өзбек, татар молдолордон дарс тыңшаган кыргыздар бир аз боло баштаган, белгилүү ал мектептерде диний-молук китептерден бирида болбостон акыретчилик дин китептери, арапча, парсиче тилдер менен окулган. Андай мектептерден окуган кыргыз окуучуларында, айылдарга

Абылдасов, Айдарбеков, Токмоев, Сыдыков, Абдрахманов, Жүнүсбеков ж.б. алар

*Кыргыздар россия падышалыгына карап, жүрүүлөргө
жол ачык боло баштаганда мекеге баруучулар боло
баштаган, андан мурун мекеге деп атын укса да, бир
кыргызда барып көргөн эмес экен. 1870-жылдар-
чында сарыбагыш уруусунан Түлкү деген чоң манап
биринчи барат, анан артынан Иссык-Көлдөгү Коңурат
уруусунан Байболот молдо Тыныстын атасы барат.
Жылыч менен Байболот Шорударыя (жер орто-
лук деңизде жолугушуп, Түлкү аман келип, Байбо-
лот келбей калат. 1890-жылдан баштап
мекеге баруучулар абдан көбөйөт, аны менен
катарында тасырап жатып оорчун кучалат,
бозо, арак ичүү, оюндарга ойруу жана баш-
калар жаюла баштаган.

65 Бул учурларда кыргызда молдо атын алып бала окутуп Дин
Үйрөтүп жүргөн молдолор беш кол менен санарлык гана
ар жерде болгон, алардан мен билгендердин атактуулары
булар: Ысык-Көл территориясында Нурмолдо жа-
на: анын уулу Батыйша молдо. Кызыл каша, Кара
молдо ж.б.
1903-жылдан баштап кыргыз ичинде молдолор ко-
бото баштады, алар: Алдаш молдо, Арабаев Ишен
аалы, Ырсаалы молдо бул тышкарга окууга барып
болгон. молдо Досмолот, молдо Жаанбар, молдо
Осмонаалы, молдо Убайдулла ж.б.лар.
булар стандартный мектеп ачып балдар окут-
пастан анчейин там, же боз үйлөргө эле дарс
айтышкан.

чыгып 5-ондон балана окута баштаган. Мына
ошол атылдагы молдолордон окуп, Китин өздө-
рүн өздөрү өстүрүп, жакшылыкка бетитерин
буруп, газета, журналдар окуган кишилер
булар: Солто уруусунун чоң манабы болгон
Тынаалыев Чолпонкул, бала атынча, Ысык-Көлдө, Жети-
өгүз районундагы Байболотов Талып молдо,
Талып Жоңурат уруусунан болуп, бу кара болсо да
билимин сынан манаптарга жанашып
кеткен. Талаптын билими Чолпонкулдан
көп жогору болуп, ал кезде Россияда чыга
турган «Таржиман» Бакча сарайдан чыккан
газета, мынын 1-номерин талап окуган.
Россиядан чыга турган газета, журнал,
китептеринин алдырып окуп турган. Түркие-
данда китептер алдырып окуган. Мен 45-
жылы 57 жаштасын, 7 жашындагы-
ларды анык билеми, Ысык-Көл территориясы

боюнча Талып акын газетадагы сөздөрүн элге
айтар эле. Кыргыздар акын Талып дээр эле.
Тянь-Шань территориясындагы кыргыздар-
дан Ат-Башыдагы сарыбагыш уруусунан Кат-
кун уулу Чоко деген манаптардан манабы
газета, журналдар алдырып окуган. Талып
молдо 42-жылы 48 жашында экен, ман
өзүм көп аңгемелешиптим, „Чоко менен
түшүнбөгөн сөздөрүн сурап пайдаланчуу
эле" деди.
жогоруда айтып өтүлгөн Тынай уруусунан Бүрүнаа-
бетаалы, Солтонаев Белек, Шабдандын балдары, Са-
мидин, Касым, Асандарда орусча газета, журнал-
дар окуп турушкан. Кочкордогу сарыбагыш уруусунан
Ыбыкеев Канаатда билимге абдан кол сунуп, тө-
бөсүн жунукологон стандарттагы мектеп ачып,
мугалимдерди Уфадан алдырып, өзүнүн балдарында
Уфага жиберип окуткан. Шабданда мектеп ачып,

Уфа, Оренбургдан мугалимдер алдырып окуткан.
Шабдан баатырдын өзүнүн уулун Букарага окууга жиберген.
1900-жылы Фрунзе, Токмок, Пржевальсктерге усул
жадид (жаңы) мектептер ачылып, ал мектеп-
терге кыргыз балдарыда окуй баштады. Орусча
школдорго да аз да болсо кыргыздан балдар окуй
баштаган. Бул убактарда судьяга тилмеч
жана уездначальниктин мекемесине иште-
ген кыргыз балдарыда көрүнө баштаган.
Эсеналы Байжиев, Садык Атабичиев, Касымбай
Тантаев, Эшимаалыбек Кыдырбаев сыяктуулар.

Эскертүү: Ысык-Көл, Тянь-Шань террито-
риясындагы манаптар балдарын орусча
школдорго бирдей окутушкан.
Ысык-Көл территориясындагы жаңы мек-
тептер: 1909-жылы Кодоңтай деген ки-
шинин каражаты менен жаңыча мектеп
ачылган. Чыныбайдын уулу Баракан деген да
1909-жылы мектеп ачкан. Байгазы

Кодоңтай мектебинен окуган Газай окуган,
билимге жетишкен таштаганы деп аталган эле,
1911-жылы жабылган болгон.

мананда ачкан. 1912-жылдан баштап
Тондогу Саке деген мананда, Ак-Жолдогу
Жетидебай деген мананда жаңыча мектеп ачкан.
Бул мектептерде бүтүндөй татар тили менен
басылган жана араб тилиндеги китептерге гана
окулган. Мен 1905-жылы Пржевальсктеги татар
мектебин бүтүрүп, Жети-Өгүздөгү жаңы ачылган
мектепке мугалим болдум. Мен сабактуудагы
бир канча жолдошторумда бүтүрүп ар жерлерде
мугалим болду. Мисалы: Кенжегазы Коноев,
Бектемир Чынжыбеев, Осмонбек Шеңкеев, Абды-
Керим жана башкалар...
Бул учурда Эң четине сарт, Ат-Башы, Нарын
жактарында Таксшок чоорсундөгү кыргыздардан
даярдалган бир неге мугалимдерде бары бала
окута баштаган, бирок ачылган мектеп бол-
богон жай гана үйлөргө окуткан.
Эскертүү: Бул жаңыча оку, жаңы мектеп-
терге эки миллет-молдолор бү-

тундай каршы чыгалышкан. Эски молдолордун
күндөн күн күчү кете баштап, жаңы окуу күч
алган, калк балдарын жаңы окууга берип окут-
кан. Бул учурда жаңыча басылган китептер
жана газета, журналдарда тудук гана та-
ралган. Оренбургдан „Вакыт", Казандан „Йол-
дуз" Бакчасарайдан „Таржиман" Сибирден
„Сибря" газеталары чыгып турган.
„Айкап" деген журналдар чыгып турган. „Шура",
жаңы мектептен тарбияланган турган.
галимдер газета, журналдарда чыккан чу-
туруушкан. Жаңы тарбиядагы жыйын окуу
маттар китеп-кечектерин жаңа кыргыз аза-
турушкандарын татарчага айтылган дырам,

пальто, костюм, топчулана шибем, өтүк кийген. Бул учурда орусча окуучуларда аяк-кол, чүй өрөөндөрүндө жузук гана которула баштаган. Жаңа тарбия менен тарбияланып чыккан кыргыз азаматтары эски адаттар менен кай бир жерлерде ачык тоначык күрөшүп чыгып, манаптардын аштарын бердирбеске аракет кылган. мисалы: 1912-жылы өткөрүлгөн Шабдандын ашын бердирбөөгө Тынай элинин мугалимдери аракет кылган. Жаңача тарбиялангандар элдин бир четин болуп жерге отурукташтырууга да аракет кылган. мисалы: Жети-өгүздөгү Талып молдонун баштоосу менен эки чоң кыштак „Чырак" „Ак-кочкор" пайда болуп, ма-

нанттардан качкандар бул кыштактарга тан-
тоолуп, жерге ээ болгон.
Түп болушундагы Чыныжыбаев, Шенкеевдер-
дин баштоолору менен «Кеңдат» кыштагы
курулган. Ысык-Көл районундагы Тескир
молдонун баштоосу менен Тескир кыш-
тагы курулган. Бул туңгуч кыштактар азыр
чылдоогон кыштактардан эсептелет.
Бул учурларда манаптардан айдуулары да
башталга жеке статтоочулук колдорунан
кетерин козгору жесипин, Оренбург, Уфалар-
га балдарын окууга жиберүүгө аракет кыла
башталган. 1906-жылы Эшенаалы
Арабаев сыяктуу жаштарды баштап баруу-
сунда, Уфага барып «Галия» мектеби-
нен окуп, 1913-жылы келди. Тоң элинен
Молдо Осмон дегенде 1910-жылы Стамбул-
га окууга барган. 1914-жылы мен өзүмдө
Уфага барып окууга даярданып турганымда
дүйнөлүк согуш башталып, кайтып барал-
бай калдым. Жаңакы Жанатайда Ысхак деген уу-
лун, Нарынкул Айтиев деген тууганын Уфага жи-
берип окуткан.

1906- жылдан баштап катсо бир бай-
манаптар соодага бет бурган. мисалы:
Ысык-көл территориясындагы, Баракан,
Абдылда, Чекир, Байгазы, Уку, Керебай, Шамырбай,
Эшимбек, Бектен дегендер чоң соодагер бо-
луп чыккан.

Эскертүү: ошол жаңы мектептер көбүнчө
, баштагандада кыздар эң эле
аз окуган.

Ошул учурларда ар бир жерлерде мечиттер да көп
салынган.

Кыргызда биринчи жолу басмага чыгарма-
ларын бастыргандар.

Пишпек уездине караштуу Сарыбагыш урууу-
сунан Төрө келди баатырдын уулу Молдо
Кылыч Шамырканов толгон заманa
чыгармаларынын ичинен „Зилзала" (жер
титир) деген чыгармасын 1911- жылы жа-
зын, арапча тамга менен Уфадан Ара-
баев бастырган. Ошол эле Молдо Кылыч-
ка жакын туугaн Молдо Осмоналы Сыды-
ков кыргыз урууларын болгон тарыхын жаа-

зөн «Тарых кыргыз Шадмания» ...тилинде тал-
ден наасип берип (Шабданга арнап ...», «Шу-
1913-жылы Уфада бастырган. ...дан»,
Бул «Шадмания» 1915-жылы ...лар
экинчи ретте басылган.
Молдо Осмоналынын бул Шадмания-
сын көздөн көчүргөнүмдө менде кыргыз
тарыхын жыйноого эң кызыксыным,
1915-жылы эл ичиндеги билермен
абышкалардан жыя баштагам; Бар-
кондогу Сапа уругунан Кобур Алдаш
деген көп билген аксакалдан өзүм Чай-
кенди алып барып кыргыз урууларын
жаздым, биртоси болду. Алдаш,
бугу, черик, моңолдор, Адыгине уруу-
ларын жана оң, сол дегендин маанисин
аны менен катар кыргыздардан калмак-
тар менен болгон аңгемелерин, Коң-
Тайжы хандын жайын толук айткан.
Осмоналы молдонун тарыхында
черик, моңолдор, бугу, Адигине, оң, сол

калемак, кагаздардын урук-
тары айтылбаган. Руй жаз-
гандарында татар ичинде жа-
зып бастырууга аракет кылганында
Токмокто Мишишев деген бай та-
тардын басмаканасы Уфада экен,
анын Пржевальскийде күйөөсү Идрисов
дегендер экен, алар сенин жазган ма-
териалдарыңды Токмокко жибер-
мекчи болуп жатканда, августа
атып 16-жылдын козголоңу бо-
луп калып, жиберилбестен калды.
Колониальдык доордо кагаздар адем оку-
гандары чагатай тили, парси тили ме-
нен колдо кашоочу калеем менен кытай
сыясы, кытай кагазга жазылган „Чаар
китеп", „Кожо афиз", „Бедил", „Фузули",
„Наваты", „Софи Аллаяр" жана түрдүү
дубалак китептер, Казанда басылган
толгон китептер. жогорку китептер
Бал Чайтылыш Ташкентте басыл-
ган. Казанда басылган „Бакырган", Бед-

ваш", "Кесикбаш" арап тилинде жаз-
гон дини китептер "Мухтасар", "Шу-
рути салот", "Кыркадис", "Фики кейдани",
"Бухарзада", толгон пайгамбарлар
тарыхы "Тарих ажисе" ж. б. лар.
Толгон тарыхы аңгеме китептерден
мисалы: "Саипд баттал", "Жүсуп-
дастандары менен катар толгон казак-
ча жана ортак тилдеги әдәбий ки-
тептер, мисалы: "Шахмаран",
"Салсал", "Заркум", "Мышык Хасан"
"Чорт...бай", "Бозжигит", "Каз
жигит", "Сараң бай", "Зарыга кыз"
жана башкалар....

Кыргыздардагы чертүчүлүк (музыкалык)

Кыргыздар байыртан бери тартып эле комуз чер-
тиш, кыяк, сурнай, чоор тартууга уста болгон.
Буларды аш, той жана башка убактарда датына
тартылып, чертилген.

Сурнай. Өрүк менен жаңгактын жыгачтарынан жа-
салып, узуну карыш, сөөм, жоонугу жиптаяча бо-
луп, ичи көңдөй, чети жагында 6, астында бир
тешик болот. Оозго келер жеринен шакек салынып,

Часпылдаар салаттыг каспажыты жалпактан конулат. Эжи кол билен карсылган, ооз билен тартылган. Уруштарда, аш, тоттордо тартылган.

Хуумору: Үжесен, жатжана, шаани күү, ак тасмак.
Аш, топлоордогу шорой конулган тастаашналарда сурнай билен жарысылаган. Шисалы: ат кетпит, ат келет, Эр сатыгы, балабан куросы, тво чечиги ж.с.б. XIX-чу чылдарын башкы жарымында кыргызуын хан, баатырларынын алдында сурнайчылары болгон. Менин чоң Энеси Филде Кешииг айтар эле, оросон дун уулу Үсботаалынын уулу Көктажы чунон бир жакка сурнай тартыбыргы, айтан-айтан деп сурнай тартыбыргы, Чуно тусыорду ат ал, ат ал деп тартыбырчуу эле деп. Сурнайдын күүчундой уккулуктуу шундуу күү болбайт, азыр сурнай тартылбай калды деп катту кейип коор эле. Улуу жоонокчу сагынысбайда сурнайды айтжанда улуктунуп-таашанын созкоор эле.

„Сурнай деген чоң өнөр,
Сурнайды эски кижи билер"

деп бир тоо ырдап жиберер эле.

кыргыз уругунан арбир кылымы дирда -да,
сурнайчылар болуп келген, бирок ким деген
сурнайчылар болгондугу бизге ачык эмес.
XIX-кылымынын акыркы жарымынан баштап,
Солтондордун Куусоок уругунан чыккан Куроңкой
сурнайчы, казак, кыргыз, оң-солдуаралап
тартып жүргөндүгү баарыга маалым.
Куроңкой 1918-жылы 80 жашта, Нарындын Жан-
булак деген жеринде өлгөн.
Чоттаалынын иниси Чаргын, Черик Турдуке
баатырдын кызын алганыке барганда, Куроңкойду
бирге ала барат. Турдуал убакта жакшыаалды
жерүүн турган экен. Турдуке ыксыз көп калың
мал менен катар, Чаргынга айтат: "Куроң-
кой сурнайчыңды калыңга берип кет" - деп.
Чаргын, Куроңкойду, Турдукеге калыңга берет.
Куроңкой, Турдукенин колунда бир жылы сур-
най тартып жүрө берет. Жаштан кыранчыл-
денинде Турдука биркүнү Куроңкойго буйрук кылат:
"мен жатканда таң аткыча бир баспастан сурнай
тартып турасың" - деп. Төрт жыгачтан казык-

Чоңулдар тасбийик кылып жерге орнотуп, үстүн
Жан ко- Киши отургудай кылып, үстүнө Күрөң-
да, кашка отургузат, Күрөңкөй, Түрдүкенин
түшүнө сурнайын бирде баспастан кагышын
узун түнүндө таң атканча тартып, таңга
бираз эле калганда, өзү алсап ичип, оозу ирмоого
жарашпай турган абалга келгенде таң атпай.
Токтокто жаткан Түрдүке добуш салат:
„Күрөңкөй токтот" - деп. Күрөңкөй айтуучу-
эле дейт „Эми бирдеме өткөрө албай кала-
рында, Түрдүке токтодуңу" - деп. Сурнай ток-
торунда Күрөңкөй жыгылып, жигиттер
от жагып чийге алып кирип отко какпай
эс алдырат. Түрдүке, Күрөңкөйгө абдан ыраазы
болуп, бүт кийимин, ат минигин, азат
доош болбостон жалгаз Күрөңкөй гана сүй-
лөп, арбир сөзү өткөндө көп күлүк кылар экен.
Саяк уруусунан Кара турап деген сурнайчы
болгон экен. 1913-жылкы Чокондун ашына эл Күрөңкөйгө →

Сурнайда тартуу эле болбогон экен.

Жернет. Азыркы музыка салкмуу кылып жаз-
дей жалган, анда ооз менен тартыл-
ган. урушмтарда колдонулган.

Чоор: ӝеззен, куурайдан узундугу 3 карышча, жоондугу ортонгы колын ӝасалып, ташын койдун козын оҥгочу менен каптап 8 жеринен тешик чыгарып, эки колдон карып, ооз менен тартылат. Чоордун ÿнÿ жаана кÿÿ эҥ уйкулукту болот. Чоорду ~~кыйг-~~ кобынча ӝылкычылар тÿнде ӝылкы кайтарганда тартыган.

Чоор айтат дейт: „Кара суурт чы ӝигити, кара тору ӝылкыны(сын) ичине барып тартап турса ÿнÿм ачылбас беле, жок беле" деп.

Ӝылкы айтат дейт: „Кара суурттыҥ ӝигити чоор тартып турса, коҥуусуз котӧрчип öспöс белек, ӝок белек" деп.

„Кара кыяк кайту чоп,
Казасы эмен ӝылкыныҥ,
Караҥгада чоор тарткан,
Кара суурт чы ӝигити,
Ээзи эмен ӝылкыныҥ."

Кÿÿлори: Коҥурала, козойготор, ӝылкы-.

жылма, жоргобайтал, жылкы айдар, ала-
ман, бекташ ж.б. беш катындын арманы.
Тынысеиттин Беш бала уругунан Кара-
чоорчу дегенди ушунда корсун, чоорду эң башка-
кача тарткан. 20 жылдын алдында айыл-
дагы жылкычылар чоорду тарта коёр эле.
<u>Комуз:</u> Сурнай, чоорлорго караганда дайыма
бей маңдайда жүргөндүктөн жасасанушу суна
токтолбостон күүлөрүнө гана токтолушат.
<u>Эки убактагы күүлөр:</u> Камбар деген хан
чыгарган күү, камбар хана талап калган.
Ботойдо ошонуку экен.
сындырганда ошол сындырсан өзү чыгарат.
Суусамыр, Коёгот, Кара шакшак, абл ыжанын
арманы, оң күү, Мазоокенин шыңдуу күү, Ток-
котондун ботосу, Маткы байдын шалкы күү,
Аласман, топ бузар, жолобасар, Акчакор, Кыяка,
ж.б. Эки күүлөр ачык тартыладайын чер-
тилген.

<u>Кыргыздан чыккан атактуу комузчулар:</u>

Арстанбек, Музооке, Бөккөтөн, Матыгыбай, Кудаярбек. XIX – кылымдын башкы жарымын-дагы комузчулар биз(га) күзүк.

Кыяк. Кыяктыгда кандайча жасалгандыгы-гына токтолбодуем.

Кыякты кыргыздар комуздан төмөн санаган. Мындай сөз бар: Кыяк айтат дейт: "Жыртык кара үйдүн ичинде тартылмасам, кандай көркүнө чыгып тартылар элем" – деп. Комуз айтат дейт: "Ак дободой боз үйдө эл толгон жерде кандай чертилер элем" – деп.

Күүлөрү: Каракуш, Сурнай күү, Бекташ, Моңкутай, көз берген ж.б.

Кыякчылар.

Биз билген кыякчылар Чоро уруунан Калыкул. Жана Чородон Маматбай деген киши. Асык – Калдон Жанболот деген киши. Жумгалдан Таакабай деген.

Темир комуз.

Темирди аялдар, кыздар ооздоруна тиштетип, оң сөөмөйү менен тийгизип каккан. XIX – кылымдын ичиндеги темир комуздун күүлөрү башкача бол-гон. Мен бала убагымда кесипкерлердин каккан

Комуздун жаңа күүлөрү: Насилай, Жер жалгоо, Үй толгоо, Жаңа толгоо, Керөөз, Жаңа керөөз, Санжыра, Жаңылмыш, Солтонбуу, Эр Төштүк, Кайрылган.

Кӱӱлорч бирстаҥкан болуп, жаҥы кӱӱлор болсо, ышкыруу, созуулар болгон.
Теектир кожоҥзыду ычсаж-Кол жактан Бурулча деген айыл эҥ ишакты кажжан. Бурулчаныҥ Белкин-чек деген кӱӱӱ эм озунда бар. Тологонай деген катында кажжан.
Жесуенгалдан Чите деген айыл. Аш-бажыдан Тайый, иыргзасоч деген айылдар, булар XX-кылыгандын ичиндегилер.
Теектир кожоҥзыду чон эжест билиже шаҥдай деп кагар эле:

„Илесиненин кара-тал,
Итри-суунун сары-тал,
Токсин таҥ атар.

Жакканда ышкырбай, созбой тарсылдатып, жогорку сӧздӧрди кӱӱгӧ салар эле.

„Ӱчкӧ, тӱлкӱ сайыштыы,
Ак болотуҥ майашты.
Ӱчконуҥ ӱч уулу,
Бир ӱчкӧ болорда,
Жалгыз тоҥай кулуннуш,
Жан тин адаси болороо!"

Түлкү баатыр Эржен деген жакынын аялын ушак
сөзгө кирип коё бергенде, Тынай деген жаш бала-
сы калат, ошондо Эржен аял арман кылып
тосмтр кошуузга күч кел тирип кагып айдан
бүтүн түндүктө (кыргыз асылдарына тараган.

"Тар заман", "Замана", "Зар заман"
Бул замандар деген адабияттык көк-
соолорду кыргыздар бир топ кылымдар-
дан бери башкача айтканда кыргыздын
улуу мамлекети кулап, колдорунан бий-
лик кетип ар тургуч башка душман
улуттардан аябай соккуу жеп, ата-мекене-
кен конуштарынан биротала ажырап
ар жакка азып-тозуп кеткен учурлар-
да. Замана деген армандуу ырларынын бир-
да чандыгы анык. Буга мисал кылып
бул үзүндүнү алууга болот:
"Жаракасы тарзай суу кайда?
Эр тиши кайда; эл кайда?
Элге эсептеркун кайда?!"
Бул саякчуу дагы тайгон көксөө ырларын

бүрүп келишкен.

„Тири бердик бүркүткө,
Тилсер болдук чүчүткө,
Коргошун салдык сымапка,
Коркоондуктан кууран жан,
Коромол болдук калмакка!"

Бул үзүндүдө дал өзүндө бар. XVIII-кылымда азаркы түндүк кыргызстан башкача айтканда Ала-Тоону конуш кылып турган кыргыздар, чыгыш жактан толкуп чүрип чыккан калмактардын өзгөөрүнө туруштук бере албастан батышты бет алып Ысарга үркүп кирет, бир нечелери калмактардын колуна түшүп туткунда калат, жогорку үзүндү ошондо айтылгандыгы анык.

Кыргыз элинин ичинен чыккан агартуу акындар ар бир кылымдарда элдин арманын көксөп айтып келсе да, алардын айтып кеткендеринен бизге бирда жетпеген.

XIX-кылымдын 2-жарымынан кийинки „Заман" деп айтып чыккан акындардын бир нечелери белгилүү.

# Калыгул.

XIX – кылымындын ортолугунда "Тар заман" келди деп айтып чыккан акын кадимки ай башындагы кашкадай айкыно болгон Калыгул карыя болот. Калыгулдун кайсы уруу жана [illegible] киши экендигин "Адабият очеркинде" ачык айтылап кетилгендиктен анысына токтолбостон анын идея – салт – санасы, кайсы таптын максатын көздөгөндүгүн гана айтып кетмекчимин. Калыгулду көргөздөр мындай деп айтышып жүрүшөт: Үйлөп келип, эки ийне каранып, ушул чыныбы деп айтар эле деп. (косолок) Калыгул журт аксакалы болуп, [illegible] кеңешин алгандыгы чын дешет.

Калыгул өзүнүн карап, заманы өтүп бара жаткандыгын өкүнүч катарында айтып, жаштарга билик өтүү, эми биздин сөз өтпөйт деп эсана: "Үйдөн үстү, көздөн кылык кетет, үй бүл, кул бий болуп, Тоо тозулуп, токой талаа болуп, таш жерден тегиренен жүрүп, теги жок жерден билер чыгып, чоң атанын балда-

рын бийликтен калат, жердин бетинин ма-
даниятты басарын жаңылыгын кесип так
айтканы анык. Калыгулдун бул сөздөрүн
кыргыздар айтып берүүчүлөрү айтып ке-
лген чоң бир алууча деп санашкан.
Калыгул терең сезгич билгичтиги ме-
нен эле айткандыгы анык. Калыгул өзү-
да, ошондой заман болуусуна оразалык
көз карашы менен карабаган, аны бир шум-
дук катарында деп түшүнүп, өзүнүн жогорку
табынын бийлигинен ажырарына кай-
гырган. Жогорку таптардан тоомонго
түшөрүн кесип айтып, элди жериңерге
ээ болуп кала көрүңлө деп да көп үгүт
сөздөрүн айткан. Азыркы убактагы көп
жашаган карыяларында, Калыгул туу-
ралуу бир аз угулгандарында да, ачык эле
көрүнүп турат. Калыгулдун айткандa-
рынан бизге азганасы жеткен, бирок аз
болсо да терең чындыктыгы кесе айткан-
дыгы көрүнөт. Кыргыздар Калыгулдун
терең сөздөрүн ошчулукка такагандан
башка барбагандыктары анык.

киши

Калыгул „Тар заман" деп айткан. Калыгул белгилүү чоң санатчы болгондуктан айткандарын санат катарында гана айткан, андай чоң санатчылардын ырдап айтуулары чоң уят-намысчы болгон. Калыгулдун көп сөздөрү жазуунун кыргыз элинде жоктугунан өзү менен кошо кеткен.

## Арстанбек.

Арстанбектин кайсы уруудан жана кимдин баласы экендигинде „Адабият очеркте" айтылгандыктан мен аларына токтолбостон анда айтылбай калгандарына жана салт-санасына, идеясына, кайсы таптын жактагандыгына гана токтолуп кеттим. Арстанбектин түсү сары, сары сакал, көзү көгүшүрөөк, чарчы бойлуу киши болгон экен. Тыныбек Сейитти элинде азыр Алай деген жетимиштен ашкан карыя бар, ал карыя нак Арстанбекке окшош деп, Арстанбекти көргөндөр айтышты.

Арстанбек жашынан эле ырдоо, чертүүчү жа-
нашка чыккандыгы анык. Арстанбектин айт-
кан „Акырзаман" деп башталат. Арстан-
бек эл аралап, аш, той, топ, жыйын-
дарда комузун куушуп чертип, сайрап ырдап
жүргөндүктөн элге булбул деп аталган экен.
Арстанбек, жамагатты көрүп, анын айткан-
дарынын, өзүдө, жамагаттын алдына чер-
тип, ырдагандыгы экен. Арстанбектин
олтурган жери ой, жүргөн жери той
болгон экен. Арстанбекти көргөн бир
нече абышкалардан сөздөрүндө уктук.
Ат-Башыдагы черик элтин Акчубак уруунан
Калча деген аксакал 1935-жылы 86 жа-
шында, Ой-Терскен деген жерде өлдү.
Ал Калча эң сөзмөр киши болуп, жаш
убагында Арстанбекти көрүп, айтканда-
рынан бир нече сөздөрүн айтар эле.
Калчанын сөзү: „Ат-Башыда жай-
лоодо элек, Байбиштин уулу Орозобек деген
бай өлүп калган эле, Арстанбектин ата-

лары менен Орозобек куда экен, бир күнү бир киши айылга келип айтып кетти, ар жакта жагындан үч ок уулу (неге) кудалардан эркек, катын болуп бир кишилер аса, батага келе жата-тышат деди, бираздан кийин отуруп келип түшүшүптү, кунан байгесин касдан кел-ген экен, бир баланы эки жакка жиберип, эл куналдарын чаап, байгелерин алыш-сын деп кабар жиберилди. Орозобектин чоң үйүнө эл ичинде эр, катын жыйк толо отурушту. Байбото бай дегенде келип айтты: „Арстанбек сенин кабарыңды угуп, бирүүгө кушпар болуп жүрдүк эле, айдаса баспас ак атан, кудай айдап жет-кирди" дегендей, кудай айдап бир келип кал-ган экенсиң, баарыңдан бул айылда комуз жок тур ээ, эми кантебиз!" дегенде, Арс-тамбек айтты: „Бай комуз табылар" деп белиндеги комузун алып чыгып, ку-лактарын талган бир топ күүлөрдү чертипкенде, Байбото бай айтты: „Арстан

жан өзүңдө бирдеме кылсаң экен дегенде, ормарын тешип киргенде, ошол эле жатыкан жандар болду," дейт. Арстанбек элчил акын экендигин өзүнүн айтып, бизге жеткен кайсы бир үзүн-дүлөрүнөн көрүнөт, ал үчүн ордогон, буда жаңы маданияттын өсөрүн сайрап, жаңы келген орустун кыйындыгына баа берген. Арстанбек эски феодалдык турмушту да жактап көксөгөнү да көрүнөт.

"Колдогу молоташтын баарысы,
Эсенхандын жери эле,
Колдо жаткан көп бугу,
Эсен хандын эли эле.
Байыркы биздин кыргыз кайран журтум,
Баласы барган атчуу эле,
Баракатта жатчуу эле,
Көздөрү көгөргөн кийчүү эле,
Кылычы журтка тийчүү эле,
Колугу журтка тийчүү эле.

деги ушул оруезар болду,
Биздин кайран көргөз көр болду.
жакшы баккын жигиттер,
Торпок менен танандагы,
Бакпасаң торпок танандагы,
Сактайсаң сары талааны.

эл гери не бир азаматтар бар эле
кылычынан кан тамган,
не бир байбичелер бар,
бала жанбоор эле,
баштанган.

## Чоң үй өлгөн деген болот.

үйлөргө өлүм болуп, эле үй кал-
бай калганда, Арстанбек мындай айтат:
„жылдыз жаан боз өлдү,
жылкыга болуп козу өлдү!
Эрте өлбөй, кечке өлдү,
Маарап туруп эчки өлдү.
желеде калды боркогу,
жее тиши калды торпогу,
Бири өлгөндө баары өлгөн,
Байталман үйдүн коржогу.
үйлөр өлүп, кой калды,
Ак букасы кокуй бой калды!

үйлар өчүп, тоо калды,
Куруп калган жардагылар,
Үзүгүн сүйрөп жоо калды!
Кечигирлер майды жуурады,
Балдар чычтон куурады.
Кудай кагылды арчышты,
Ыште жоор тийгенде,
Баштан байге сайышып,
Иттер кунан чачышты!
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп жылкы өлдү!
Жорго жолдон суурулду,
Катран заман куурулду,
Бей-бечара сиркийдар,
Батпак болуп жуурулду!
Бирди болуш деп кыйду,
Бир старчын деп кыйду,
Арадан жүрттү жоо кыйду!

жиштер бирдеезин билядынбы ?
Акча каттыг коюуңа,
Насиә ӱтӱлштӱ моюнуңа !
Чӧоз байы бар экен,
чӱӱрӱ ӧскӧн айтырдай,
сӱдеесы бар экен,
Тасмадан чыккан талаадай,
сужуктары бар экен,
смең дубаңа бӱрӱндей,
жасоолдору бар экен,
желмоюздуң ӱрӱндей.
Таш-Хаянын ӱстӱнде,
Козу бала зор эле,
ушу сарт жансычкондын кору эле,
Аӧтындагы эри,
Касыштан кылган чоп эле,
ӧтӱгӱнин чоңдузу асык каптан чоң эле,
ӧтӱгӱнин кыртажы,

мал тогуудай шор эле.
Эми Кара-Көл калдыг уйго окшоп,
Сарт чогулуп бастырса,
Түрсактарыг чадатып,
Жадигиги биздин бийге окшоп.
Ушул келген орустар,
Узун чоптун баарысын,
Оруп алат турбайбы,
Кыска чоптун баарысын,
Коруп алат турбайбы.

Арстанбектин жогорку айтып кеткен ырларында, уй ол гонда, бей-бечаралардын алсырагандыгын, эл эркинен ажырагандыгын, кыргыздын өз ичиндеги зулум-нееспекетлер. Элдин сыртынан насия алабаштагандыгын, соодагерлерда туудурсма акча берип, элдин канда-

рын соруп, сезимдеринин ачык - айкын
айтылгандыгы көрүнөт.
Арстанбек, Бук, Сарыбагыштын ор-
мон өлтүрүлгөндөгү кыргынга да абдан
каршы чыккан.
Арстанбек, Коконхандыгынын кыргыз
элин эң аяусыз түрдө эзгендигин
ачык - айкын айтат:
„Тегереги кыргыздын,
Тоодон тартып тор болду,
Түшкөн жери кыргыздын,
Жырк кулач терең ор болду,
Кочконуңу биздин көп кыргыз,
Жок чакан сартка кор болду!
Аргымагын кекейтип,
Жок кежин тепейтип,
Жоконуктун кордугу,
Өткөрө өтүү зордугу..

Алтындан камчы алакан,
Аркы туштө чоң жаны ;
Анжияндык Мала хан.
Айка каккан жеез казак,
Коргондогу турганы ,
Кошчактардын мааразык.
Азаматтын моюнуна,
Аябаган тушлукту,
салып турат кокондук,
Айгыр ат, атан төө,
бир айт жандан калтырбай,
Алып турат кокондук ,
Каарына алганда,
Беш кашуу эрлерди ,
асарап турат кокондук.
Алышына ат алды,
Аяк кылбай баш алды.
Зекеттин кожондук,
Каркырасын сайдырып,

Ычкытуун жайдырап,
Беш көкүлдүү кызды алды,
Отоо оттуудан үзүү алды,
Кулактарын карыштап,
Короодон тандап кой алды,
Кызматына бой алды.
Олтоң дан алды эгинди,
Жанына жакын баралбай,
Кыргыз байкуш чегинди,
Сайран турган Арстанбек,
Чыдабассың тегинди!"
Арстанбектинда заманында кыргыздар ай-
тып берүүчүнүн сөз баралуу деп, эң жак-
шы чыгаан. Мен көргөн абышкалар
Арстанбектин сөз кылганда оозторунан
түкүрүк бурап, тамшанышып кетер
эле. Арстанбектин бүтүн кыргыз элин
чыгарганын, алганына көп жомоктордо

болуп калган болуп калган болсодо, аны Какеш ушу күнгө дейре унутпай айтып жүрүшөт.

Белгилүү Арстанбектин доору болсо, көргөз элинин чабуул убактысы аясана Жэ эле артта калган караңгылык доору экендиги анык.

Арстанбек бир убакта ооруганда, Торосбай баштык буу эли чуру-чуру түрүшүп:

„Ээ, кудай ушу булбулдан чоң эле айрылып калабызбы?! Кудай ушул булбулду бизге бердешин тилешет. Арстанбек ал оорусунан айыккан кезинде, ооругандыгын айтып ырдайт:

„Жолдон бейит көрүп шакиндиее,
Өз жанына бекиндим.
Жак шректей атланып,
Белдесинен байланып,

эжекем турду кашымда!
Ак сакалы арбайып,
Колу сунуп сербейип,
Атакем турду жанымда!"
Арстанбек бул оорусунан айыккан кийин дагы көп жылдардан соң өлөт. Арстанбек өлөрүндө 500 кой, 100 кара малы болот. Арстанбек оорун алектен өтө албай жатканда, Чоңбай келип: "Ээ булбул булбулум бизди таштап кетмекчи болдуңбу?" дегенде, Арстанбек айтат: "Узун сапарга аттана турган болдум, жол азык жана кор, кепинимди кызыл барында бер" дегенде, Чоңбай ошо замат, ат, тон, акча, кепинди берет. Арстанбек чүнчүйө-дөн айтканы, калың бугу дүңгүрөп кыз-матын колун кошушат. Арстанбектин айткандарынанда биз аз жетип отурат. Арстанбектики "Акыр-заман"

# Молдокылыч.

Молдо Кылычтын кайсы уруудан жа-
на кайсы таптан чыккандыгы, жа-
шы бардыгы "Адабият очеркинде" бар
болгондуктан аларына токтолбостон
башка билгендериме өтчүм. Кылыч
белгилүү, 1890-жылдардан баштап
эле колуна калем алып, көзүнө көрүнү-
п турган доордун түз жана кыйшыкта-
рын катуу сынга алып жазганда, элге
тараган. Кылычтын жазгандарын көр-
гыз эми колдон колго таласып, кай
билгендер көчүрүшүп алып, эки кишинин
башы кошулган жерде окушуп, чоң чогу-
луштарда да окушуп, ташманышып
туруушкан. Мен жашымды билем 12
жашка келген кезимде Молдокылыч-
тын "Зар-Заман" поэмасы элинчине

толук жатталып калган учуру эле,
мында бул убактарда кай сасатсыз-
дыгы толук жоюлуп калган эле,
Молдо Кылычтын „Зар-заман" чы-
гармасын көчүрүп алып тез эле жат-
тап алып, эл чогулган жерлерде айтып
берер элем. Ошол бала чагымдагы
жаттаган „Зар заман" поэмасын
1922-жылы араб тамгасы менен
жазып тапшыргандыгым институтта азыр-
2 басма табак бар.
да бар. Мен(н)ен кийин элден жана
жыйналып келгендерин текшерип кара-
ганымда, мен жаттап калгандан айыр-
малары бар болгондугун көрдүм.
Молдо Кылычтын „Зар-заман" чыгар-
масын эки рет жазгандыгы анык
болуп чыкты.
Молдо Кылычтын „Зар-заман"

чагарснасында Эртегини көксөөдө бар. сынсала:
"Казал айтаан калкыда,
Кара көгүз жалмыда,
Бүлүні эмисең жеткісин,
эмдүнку жеурттүн наркына!
Байбаркынын кейгени,
Кочүндо чалбары,
Тоо текенин жергагы,
Балактайын кең кылган,
Багалыгы сайсалуу.
Байбуржынын береги,
Кайдан көрдүн жигиттер,
Калдайтын жайган сереги!
Эмдигини карачы,
Бөрүжкүсын чөнеди,
Унутту нокто менен желени,
Бээ байлап кысымызды,
Кана кисин береги.
Байыркыдай чичисту,

Канекей элиҥ жеегени.
молдокылыч соодагерлерди жана ма-
нап, болуштардын элди кансактатып
чыгаган салык жайжандыктарына
каршы чыгып мындай айтат:
"Жаяа-кышы жүгүрөт,
Соодагердин тыйыны,
Былтыргыдан быйылкы,
Бозготуго каршыты,
Болуштардын чыгымы!
Эркек ургаачыларга калыс үчүн айтуу
менен катар адашкандардын мүнөздөрүндө
айтып кетет; Акыл - назаттарда ай-
"Акылсызга убал жок, тат:
Сөз укпаса үн дебе,
Текеберлүү адашкан,
Чийге кирсе кел дебе,

Тил билгинин коҥчулын,
Тек чагылтып тилдебе!
Уурукылба эҥерде,
Башыҥ кирер ноктого.
Акыбалыҥ јӱзӧгӱн,
Ага-ини јакшынга,
Терокчыды кетирип,
Бийлик берсе катынга!
Кызыкканда јакшы сӧз,
Кызыл алтын ишкалдай,
Кыз, келиндиҥ јаманы,
Чи бӱлдӱрген чачкандай.
Кайырчуу болгон байларыҥ,
Карагайлуу јылгадай,
Арызкысы ӧзине,
Тышы јӱрген алмадай,
Јаман айткан суук сӧз,

Сөөккө баскан тамгадай, өзүң баксаң жаныңды
Эскийткен капалык, соон болор бирдайым.
Эски оорууну таласадай.
Акылга жол азаспайт,
Дарс окуган молдодой,
Таалим алсаң сөзүнөн,
Тапкырың берген олжодой.
Жакшы катын белгиси,
Кылганы ашын кызганбай,
Сыр билгизбей турайко,
Эмне сөзүнөн көз толбой,
Жакшы кыздын белгиси,
Чечүү шаңшуу жасабагдай,
Канча болсо малынан,
Бошко берип алгыдай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушжак айтат жоомоктон,

Чи бӱлаҥын јӱзӧтöни,
Јазгы конгон коноктой,
Байыркынын борусу,
Айтып турза дьашындый,
Бу ла кебиниҥ оруну,
Чыгабык кыйбыт шерти кылган,
Коомуйын сону,
Јан бергендибилбеген,
Јакшызынын коҥуру.
Байыркынын сакалы,
Отуктору тажагу,
Ботрошчоҥ бир туташи,
Кийимдери јакаксуу.
Байыркынын ӱргӱнӱ,
Кӧчӱп јӱргон кӱн - тӱнӱ,
Алтын кежисе абайыг,
Кыз - келиндин ӱргӱгӱ.
Кыз, келиндин китгени;

Кызыл жибек кöгрешазы,
Эмдигини карачы,
орус алып сурагын,
Тыныштыу жерге жылдызы.
сураса кыргыз орусту,
Тердирер эле коңузду,
Кудайдан коркуп койбосо,
жолунан малдан доңузду.
орус журтунда ынсап бар,
өкүштүк кылбайт бирине,
Жолунан келип турат деп,
Зордук кылбайт динине,
Эмне десе кыргыздан,
ишенип калат динине.
Бейиш корбос китепте, беш намаздыбы, деген.
Капыр болсо нускада,
шарияттыг тутулдеген.

молдоКылыч дүйнөдө жактап, кар-
гыздан манаптарынын ынсапсызды-
гын, орус калкына тууралык бардыгын
ачык айтып отурат. молдоКылыч
„Чөп бою“, „Зилзала“, „Канатбуулар“
деген чыгармаларын жазган. 1916-жылы
болгон окуяны жазууга камынат
турган убагында, ажал жакадан алып,
барса келбес сапарга кеткен.

## Тоголок молдо.

Тоголок молдонун өмүрбаянында „очерк“-
те толук бириленбиктен токтолбос-
тон башка жактарына токтолдук.
Тоголок молдонун өз аты Байымбет
болуп, жашынан эле кат сабатсыз-
дыгын жоюп, ырдап, жаза баштаган.
Тоголок молдонун чыгармасын тек-

ширин караганда, Кылычтын таасирин-
де көрүнөт. Тоголок молдо эң кылдат
акын болуп, кыргыз адабиятынын ар түрдүү
жанрларын жазган. „Манас", „Семетей",
„Сейтек" жомокторунанда жакшы гана
берген. Тоголок молдо негизинде анык ма-
насчы эмес, бирок акындыкка салып жо-
жомокторун көп узуу боюнча гана жазган.
Тоголок молдонун бардыгы жазган эмгек-
терин чоо басма табакка жакындайт.

## Алдаш молдо.

Алдаш молдо Коңурат уруусунун саспак
уругунан Жээнеке деген кишинин баласы
болуп, төштөнкү эле таптан чыккан
киши болот. Алдаш молдо, жашында
айылдагы бала окуйжан молдолордон
окуп, өзүнчө кат сабатсыздыгын жой-

гондон соң Прежеваль шаарындагы та-
тардын мечит молдосунан дарс тың-
шаган бир топ жылдар. Алдаштын мол-
долугу жакшы гана болгон. Алдаш
молдо 1871-жылы Ысык-Көл террито-
риясында туулган, 1929-жылы 74
жашында Жети-Өгүздө өлгөн.
Алдаш молдо 1894-жылы баштап,
бузук түрдө эл бүлүнүп жаткан шат-
лоонун бетин ачып жазган. Алдаш
молдонун ал чыгармасынын бир чү-
лыштарында, менин эсимде бар эле, аны
мен жазып институтка бергендигимден
жана кайталап отурбадым. 1894-
жылы болгон шайлоодо, Жети-Өгүз
элинин ичиндеги манаптарга абдан сокку
урган болучу, башкача айтканда, атга-

рын атап, кылыктарын беттерине
салып көрсөткөн эле.
1903-жылы болгон эрөлүп, эшик
тоңгон дагы Буузук шайлоонун бетин
ачып, эсак-жол территориясында-
гы шанаптардын кылыктарын бирда
тайсалбастан кылыктарын беттери-
не салып жазган, анада, бил чениси че
жазып тапшыргасын.
1914-жылга жеткен кезде эсык-жол
кыргыздары жер, суудан ажырап жакыр-
ланып, конушсуз болуп, тоо баштары-
на чачылып, кайсы бирлери Текеске
көчүп, сандалып турган учурда 14-
жылы „Жал-заман" деген чыгар-
масын тоңару тудо жазып, эл та-
лашын, качырчы окуй баштаган.

"Жал-заман" да сиен бүт жазып жаттап алган эмес, анда инсти- тутка бергесин. Алдаш молдосун- да ысык-көл айланасындагы эл башкарган манаптар жана байлар- дын кылыктарын, иштерин чынынан айтып жазган. Кыргыздар илгерки бай болсо да, жалкоочуктардан аяк асты болуп, кайтадан жообуп келген түнгөн улутунун тырмашта тагы- гынан байып кетүүчүлүктерин ачык- айкын көрсөткөн. Талып молдо, Тесир молдо элдик иштерге кол сунуп, жерге ээ болуп, кашыктакташкандарга ыраазылык көз карашын көрсөтүп, аларды мактап жазган. Алдаш молдо "Хал-заман" чыгармасын жыйынтыгын "Зар-заманын" ээрчип

наасы барган. Алдаш молдода эски-
доорчу жана динде жактаган.
1916- жылы болгон чоң үркүндү
Алдаш молдо эң бир чындык менен
толук жазган, Турпанга өзү да үр-
күп барган, андагы уйгурлардын кы-
лыктарын, алардын бектеринин атта-
рын атап, алардын үркүп барган кыр-
гыздарга кылган жасаган мамила-
лярын ачык-айкын жазган эле.
1920- жылы Алма-Атада ачыл-
мугалимдерди
ган 3 айлык бышыктоо жана кур-
суна Алдаш молдода 49 жашында
барган, ошондогу сабактандашы,
„Үркүн" чыгармасын бир жолу окуп
чыгып, сурадым, молдо аке, мага
бере турунуз көчүрүп алайын дедим.
- 2-3 күндө берейин, кыргыздын чоңдо-

окуп көрөйү деп сурап жатышкан
үйдү, 2-3 күндөрдө күрс тарап, аны
жолуга албай калдым. Ошобой-
дон анын колуна тийбей калып
калды. Жети-ооздон көп сураштыр-
рып карасамда, эч табылбады.
Алдаш ошондо абдан бетке чабар
тартынбаган баатыр акын эле.
Алдаш өлдөнүдө, тоорун, кулакка
тартышак болуп Сендирекпешин кир-
генде, жүдөп туруп, 1929 - жылы
өлүп калыптыр.

## Солтобай.

Солтобай акын Токтоболотов бугу урусунун
жалдан уругунан Сары катын тукумунан
болуп, жашынан эле тетик, тишине жа-
нып сайрап чыккан даңктуу баатыракын.
Солтобай акын Арстанбекти көрүп чыгал-

гандыгы ажык. Солчтобай акын
оң, Соңгу арганың нечен тоттор-
до ырдап даңкы чаган, засма-
нында эч бир акын Солчтобай-
дын бежинге чагын ырдашкаал-
бағандыгын карылараннак тайн.
Солчтобайдың тайыньбаган баа-
тыр акын эжендиги, шабданддын
өз бөтинге кордон ырдагандыгы
давил болоалат.
Солчтобай элчилда акын, ага
давил: бүгү урууну терестен
адасыны, өйлан кочкандыгы,
ырдан элдэн инуңун ачык-
тыкын көрсетүчүң эсаңаңа
Солдагарлерди песк корун
ырдагандыгы.
Солчтобай бүтүн бугу уруусун-
дагы болган бай-манап-

тардын кошокторун чыгарат-
кан экен. Солтобай элдин
эң бир чыйгынчыктуу ырчы-
сы болгон. Солтобайдын
„Текес“, „Асык-Жол“, „Жаңа
Ашабданды коргогон эрлерин
ырларын элден жазып инсти-
тутка бергенсин, бала убагында
жазып алып жатка кылдасы
эле. Солтобай 1918-жылы
75 жашке барып өлөт.

<u>Эскертүү!</u>
Жайсаңстай, Айтмаке, Жеңи-
жок, Эсенаман, Сокур Калча,
Бекназар, Ботобай, Барпы,
Калмырза, Жаманкулдар-
дын жана айылдардан чыккан
кошокчулардын айткандарын
изилдеп жыйноо керек.

60000 знак
1,5 печат.

Жыйнаган: Абдрахман

шаар Фрунзе,

1945-жыл, феврал.

60000 знак

1,5 печат.

№2.

# „Түрдүү аңгемелер“

Мунуда карылардын учун эсин-
де калгандардан жана элден
сурап жыйнадым.

Жыйнаган: Абдрахманов. Г.

Шаар Фрунзе.

1945-жыл, март.

20000 знак
0,5 печат.


Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 129
5 янв. 1981 г.
АН СССР гор. Фрунзе

## Мазмуну.


1. Кожобек, Шаамендин сөздөн жыгканы.
2. Кедейдин сөзү.
3. Матайдын Бектенди сындырганы.
4. Карап, Баскенти какшыкка алганы.
5. Ороз арак ичпей казынын үйүн кылганы.
6. Байгазынын кыл актары. баатыркан катындарын көнтүргөнү
7. Бердимат, Чокону сөздөн жыкканы.
8. Матай, Байтиктин бетине тик айтканы.
9. Матай, Өмүрзакка туурасын айтканы.
10. Шадыкан, Сарабагышторда Ат-Башыдан көчүргөнү.
11. Матай, Карагул уулуну Кашкалга качырганы.
12. Мадай Ышыкынга бээ бергени.
13. Кожомбай, Куронкой сурнайчыга кыз алып бергени.
14. Жаркынбек, молдолорду чогултканы.
15. Кой буурулдун жоосу.
16. Ылакаптар
17. Санат сөздөр.

## Кожобек, Шабданды сөздөн жыкканы.

Сарыбагыш уруусун чоң манабы бол-
гон Шабдан Ат-башыда болгон той-
до мындай дейт: „Ээ бийлер, биз-
дин сегизбектин эң кенжеси, Жеңгил
баатырдын чоң уулу болгон Ырыскулбек
уулуну, берги Ат-башыдагы бир үүч
болгон чериктер, кийиз өтүк кошот
алыптыр дейт, Жеңгил баатырдын
эли жерден бетин бербей жатыпты-
ко, черик алакандай эле бирдеме го,
жүлкү итинин түбүн карап урбосо ко-
тур болот деген сөз бар эмеспи, черик
сынды, калың сарыбагышка ат кой-
гонду киши койду экен! „ дейт.
Чериктердин аксакалы Кожобек жооп-
туу мындай кайтарат:
„Үчкө эмизди тууйт,
Ит сегизди тууйт,
Жолборс жалгызды тууйт,
Бир жолборс миң иттин жолун бууйт.
Ала кушту атынан чакырат, жеке-
өтүк кийсе, жекеке өтүк тур, чокой
кийсе чокой чоң дейт, Шабдан сен
көптүгүңдү кишиге миндет кыла-
сың! аз түкүмдү, көп түкүм кыр-
гын салганы бар беken. Шабдан
кыңк эте албай калат.

## Үседайдын сөзү.

Тынай Сейтинин жаспанак уругунан
Чеуей деген аксакал жаман чоң бай
болуп, ошол эле Ат-башыдагы

тонто, ашасой, Кедайге зордук ката-
рында 50 жылкы бүтүсү кылганда,
Кедай айтат: „сен көк итсиң, бул
ашасендер көп ит, көк итти, көп
иттер талабайсыңбы!" деп.
Черик менен Тынасы Сейиттин ын-
тымактары бир жерде болгондук-
тан ашасын бугада сөзгө жыгы-
лып, доо алалбай айтпаган кете
берет.

Матайдын Бектенди сындырганы.

Сарыбагышынын Черикти уругунан
Кырк жигит Бектен деген чоң ма-
насы 1879- жылдары убагында жа-
дан кыш Ат-Башыга, Чекенди-Та-
ла деген жерге айылы менен көчүп
барып конотда, илгерки Ногой уйгунун
баатыр кызы жаңылмырза ол жур-
гон аталары Үчкө, Түлкүлөрдүн
мурзоуносбарын, малдар союп та-
ты келмекчи болот. Ат-Башы-
дага монолдор, Черикти эл ката-
рына ойлобостон жигиттерин ай-
карып, монолдор Черикгин малда-
рынан карсатын алуусун келет, ай-
тоо, Сестизбэлер.
Бектен деген ушундай кылып жатат
деп, Черик матайга кабарчы кел-
генде, матай бир топ кишилер
менен айтканы, монолдор жа-
кап бекке келип, анда бир топ ки-
шилери менен айкарып алып,
Бектендин үстүнө келишет.

Бектен чечинип жаткан болот, Матайларды
киши келдиби деп бирда козуно илбейт.
Матайлар камчыларын колдоруна карма-
ган бойунча, ичкке сооно, көчкторун жерге
койбостон талашас олтурушат. Чоконун
жаш кези болуп, ада атурын келип олтур-
ган экен. саласындашуу болбогон. Бектен су-
райт: — Чоко булар киси ә" деп
Матай айтат: — Жакшыбекпо бул Кал-
ча деген ушул — деп. Чоко жооп берет —
Черик тин Матай бай дегени ушу киши
болот" деп. Матай сурайт: — Чоко,
бул жаткан киши киши деген киши киши
деген, кайдан жоолшу көчү келиптир" деп.
Чоко жооп кайтарат: — Бул киши Черик-
чи уругунан Бектен баатыр деген болот,
Кочкордон көчүп келиптир, солтолдор, Черик
туугандар тааныжатын деп, биздин түп
атабыз Чучко, Түлкү баатырлардын Ной-
гутунун Жаңыл мырза деген кызы ол-
түргөн экен илгери, ошол арбактарды
тайып кетүүгө келиптир" дейт.
Матай айтат: — Ээ Чоко, сен деле
дөөрүп калган сөздү сүйлөйсүңда, анын
бир жеңиндеги! таза кишида ушундай
болобу ә! Ной гуйтан бир катынынан
өлгөн атаңды баатыр дейсиң, баатыр
болсо катынынан өлөрбөлө? катын
мушуздаган мал арасы болот эмеспи,
бул немениң Черик, солтолдоруңнан ал-
дырып кармайты келиптир, бул дүнү-
йөдө катындан шерменде болуп өлгөн

атанарды. Жакшаалдагы моңолдор Чүрүк-
түн арбактарын тепе-тепке алып,
өздөрүн малдарын тартып алсайбыз!"
дейтугта „тартыжала" деп Жишке чыгы-
шып, байлап алган жылкы, тоолордун
жигиттерин коркутуп агытыпрай.
Бир оңолдордун бир бээсин сойдуруп
койгон экен, ээси Матайга айтыпты:
«Бай союлган бээсин анчка эле» деп.
Матай, Бектендин байлалуу тур-
ган өз ишин көшүктүн жоюнганда,
